Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

2010-жылдын тогуз айы үчүн

2011-жылдын январь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

Төрагасы: З. Чокоев,
Кеңештин мүчөлөрү: С. Урустемов,
Г. Исакова.

Жооптуу катчы: А. Бердигулова.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган жана анда тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылып, анда төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле, төлөм теңдемин түзүү ыкмалары жана маалымат базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Басылманын бул чыгарылышында 2007-жылдын экинчи чейрегинен берки портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтар кайрадан каралып чыгып, карыздык баалуу кагаздар боюнча маалыматтар кошумчаланган. Ошондой эле 2010-жылдан берки РЭАК боюнча маалыматтар кайрадан каралып, атап айтканда АКШда орун алган инфляция боюнча маалыматтар корректировкаланган.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2010-жылдын 20-январы.**

## Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

\- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (1994-1996-жылдар же январь-июль айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөтөлиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-57, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 66-90-55; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: aberdigulova@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөртүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2011-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын.Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

ЖЧК "Next Print" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды
Бишкек шаары, Интергельпо көчөсү, 1а,
Тел.: (312) 65 55 56
Факс: (312) 65 24 24.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Бул басылмада финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун абалы, ошондой эле анын курамдык элементтери боюнча банк тутумунун туруктуулугуна жүргүзүлгөн иликтөөлөр сунушталат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген, Улуттук банктын тизмесине ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ДТК | - дүң тышкы карыз |
| ИДП | - ички дүң продукт |
| МТК | - мамлекеттик тышкы карыз |
| АЧӨ | - алыскы чет өлкө |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| ТИМ | - Тышкы иштер министрлиги |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| ТКМ | - Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ЭВФ | - Эл аралык Валюта Фондусу |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ЭСТК | - Эл аралык стандарттык товардык классификация |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| УБ | - Улуттук банк |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| БФКМ | - Банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| БАЭ | - Бириккен Араб Эмираттары |
| ЖТК | - жалпы тышкы карыз |
| АКЖО | - акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| ОПЕК | - Мунай Экспортточу Өлкөлөрдүн Бирикмеси |
| РЭАК | - реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | - импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине кирген өлкөлөр |
| КРӨФРТКМК | - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу финансы рыногун тескөө жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы |
| АКУ | - атайын карыз алуунун укуктары |
| АКШ | - Америка Кошмо Штаты |
| ТЭИТН | - тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| ФОБ | - экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы** ........ 7
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ........ 19
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөө балансы (нейтралдуу түрдө берүүдө) ........ 20
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ........ 28
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ........ 28
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ........ 29
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ........ 29
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ........ 30
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ........ 30
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ........ 31
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ........ 31
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ........ 32
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ........ 34
I.12-таблица. Баанын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ........ 36
I.13-таблица. Баанын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ........ 37
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ........ 38
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ........ 38
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ........ 39
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ........ 40
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ........ 41
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ........ 42
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ........ 43
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ........ 44
I.21-таблица. БАЭна товарлардын экспорту ........ 45
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ........ 46
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ........ 47
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ........ 47
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ........ 48
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ........ 49
I.26-таблица. Украинадан товарлардын импорту ........ 50
I.27-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ........ 51
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ........ 52
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ........ 53
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ........ 54
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ........ 55
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ........ 56
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ........ 57
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ........ 58
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ........ 59
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ........ 60
I.36-таблица. Кыргыз Республикасынан кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмү ........ 62
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына кызмат көрсөтүүлөр импортунун географиялык түзүмү ........ 63
I.38-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ........ 64
I.39-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ........ 65
I.40-таблица. Эл аралык камдар ........ 65
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ........ 66
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү ........ 67
I.43-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ........ 68
I.44-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы . 69
**II тиркеме.**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ........ 70

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

2010-жылдын январь-сентябрь айларында **төлөм теңдеминин сальдосу** 27,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн.

**Күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу** 2010-жылдын 9 айы ичинде терс түптөлүү менен 213,8 млн. АКШ долларын же ИДПга карата 5,7 пайызды түзгөн.

**1-график: Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайызда*




## СООДА БАЛАНСЫ[1]

Кыргыз Республикасынын **соода балансынын** тартыштыгы (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен) 2009-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 1,8 пайызга көбөйүү менен 902,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-график: КР соода балансы**
*ИДПга карата пайызда*




[1] Тышкы соода боюнча маалыматтар УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуусуз берилген, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө.

ФОБ баасындагы **тышкы соода жүгүртүү** (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен) 2009-жылдагы ушул эле мезгилге салыштырганда, отчеттук мезгил ичинде 8,2 пайызга көбөйгөн жана нарктык мааниде 3 322,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Очеттук мезгилде Кыргызстандын алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүсүнүн көлөмү 2009-жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда 17,1 пайызга же 237,6 млн. АКШ долларына өскөн. Кыйла жай өсүш КМШ өлкөлөрү менен тышкы соода мамилелеринде белгиленген (0,8 пайыз же 14,2 млн. АКШ долларына). Мында, КМШ өлкөлөрү менен алыскы чет өлкөлөрдүн товар жүгүртүүсүнүн нарктык көлөмү болжолдуу алганда бирдей өлчөмдө.

ФОБ баасындагы **товарлардын экспорту** (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен) 10,8 пайызга көбөйүү менен 1 210,0 млн. АКШ доллар чегинде түптөлгөн. Чогуу алгандагы экспорттун өсүшү алтынды берүүлөр менен камсыз болгон, ал 53,9 пайызга же абсолюттук мааниде 153,1 млн. АКШ долларына өскөн. КМШ өлкөлөрүнө мунайзаттарынын реэкспорту боюнча кыйла кыскаруу байкалган (83,3 пайызга же 91,8 млн. АКШ долларына).

**1-таблица. Товарлардын экспорту**
*(млн. АКШ долларында)*

| | 9 ай. 06 | 9 ай. 07 | 9 ай. 08 | 9 ай. 09 | 9 ай. 10 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (ФОБ) | 646,2 | 944,1 | 1342,8 | 1092,0 | 1210,0 |
| *Өзгөрүү, %* | *30,1* | *46,1* | *42,2* | *-18,7* | *10,8* |

Эскертүү: УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

Экспорттун функционалдык түзүмүнө ылайык, отчеттук мезгил ичинде өсүш аралык товарлы жана керектөө товарлары боюнча гана байкалган, алар отчеттук мезгил ичинде экспорттун эң ири категорияларынан болушкан (экспорттун жалпы көлөмүндө тиешелүүлүгүө жараша 47,9 жана 23,9 пайыз). Чийки заттар, инвестициялык товарлар, энергопродукциялар сыяктуу башка товардык топтор боюнча берүүлөрдүн кыскаруусу жүргөн.

*Аралык товарлардын* экспортунун өсүшү 43,3 пайызды же абсолюттук мааниде 150,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Аралык товарлардын экспортунун нарктык көлөмү 499,3 млн. АКШ долларына жеткен, алардын ичинде 437,1 млн. АКШ доллары алтынды, көбүнчө БАЭге (52,9 пайыз алтындын эскпорту) жана Швейцарияга (47,1 пайыз) берүүлөр менен камсыз болгон.

*Керектөө товарларынын* экспорту отчеттук мезгил ичинде 46,3 пайызга (78,9 млн. АКШ долларына) өсүү менен 249,0 млн. АКШ доллар чегинде түптөлгөн. Кийим-кечени жана ага тиешелүү буюмдардын экспорту (48,4 млн. АКШ долларына) олуттуу өскөн. Мындан тышкары, жашылчаларды (өсүш 5,3 млн. АКШ долларына), сүт жана сүт азыктарын (өсүш 5,0 млн. АКШ долларына), телефон аппаратттарын (4,3 млн. АКШ долларына), эт жана эт азыктарын (3,8 млн. АКШ долларына), электр ысытуу лампаларын (1,5 млн. АКШ долларына) берүүлөр боюнча оң тенденция белгиленген.

*Энергопродукциялардын экспорту* 89,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 47,2 пайызга кыскарган. Мындай тенденциянын түптөлүшү, Кыргызстандын Россия Федерациясынан алган мунай заттарына баанын жогорулоосунун натыйжасында, авиакеросинди үчүнчү өлкөлөргө (көбүнчө Өзбекстанга) реэкспорттоонун көлөмүнүн төмөндөөсүнөн улам келип чыккан. Ошентип, авиакеросиндин реэкспорту отчеттук мезгилде 68,6 пайызга же 82,3 млн. АКШ долларына азайган. Отчеттук мезгил ичинде электрэнергиясынын экспорту 35,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлден 14,1 пайызга арткан. Натуралдык мааниде электрэнергиясын экспорттоо өткөн жылдагы салыштыруу үчүн алынган мезгилдеги саатына 776,4 млн. КВтка каршы, саатына 1 184,9 млн. КВтты түзгөн.

Берүүлөрдүн 15,2 пайызга (31,6 млн. АКШ долларына) кыскаруусунун натыйжасында, чийки заттардын экспортунун чогуу алгандагы көлөмү 177,0 млн. АКШ доллар деңгээлинде түптөлгөн. Ал эми алгылыксыз тенденция органикалык эмес химиялык заттардын экспортунун нарктык көлөмүнүн 14,4 пайызга (23,6 млн. АКШ долларына) төмөндөөсүнүн натыйжасында түптөлгөн, ошол эле учурда берүүлөрдүн натуралдык көлөмү 2,4 пайызга өскөн, бул экспорттук баалардын төмөндөгөндүгү жөнүндө кабарлап турат. Алгылыксыз тенденция, алып чыгуунун физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун натыйжасында, отчеттук мезгил ичинде пахтанын экспортунун 2009-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 40,8 пайызга (3,1 млн. АКШ долларына), төмөндөөсү менен бекемделген. Тамекинин экспорту, көбүнчө берүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен 42,9 пайызга же 5,9 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

2010-жылдын тогуз айы үчүн экспорттун олуттуу үлүшү алыскы чет өлкөлөргө - 63,8 пайыз, Ал эми КМШ өлкөлөрүнүн үлүшүнө - тиешелүүлүгүнө жараша 36,2 пайыз туура келген.

Берүүлөрдүн олуттуу бөлүгү БАЭге (экспорттун жалпы көлөмүнөн 23,8 пайыз), Швейцарияга (19,8 пайыз), Россияга (19,0 пайыз), Казакстанга (12,0 пайыз) жүзөгө ашырылган.

БАЭге экспорт отчеттук мезгил ичинде 2009-жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда 2,6 эсеге көбөйүү менен 248,1 млн. АКШ доллар чегинде катталган. Мындай өсүш, алтынды берүүлөрдүн өсүшү менен аныкталган, анын көлөмү 2010-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 231,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындан тышкары, БАЭге авиакеросиндин реэкспорту өскөн (2,3 эсеге же 6,2 млн. АКШ долларына).

Швейцарияга экспорттун негизги статьясынан болуп, алтын саналат (бул өлкөгө 99,6 пайыз экспорт): отчеттук мезгилдеги 5,4 тонна 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги 6,8 тоннага каршы. Ошондой болсо да, баалардын өсүшү бул баалуу металлдын экспортунда алгылыктуу тенденцияны аныктаган, натыйжада алтынды берүүлөрдүн нарктык көлөмү 4,3 пайызга же 8,4 млн. АКШ долларына өскөн.

Россияга товарлардын экспорту 198,0 млн. АКШ долларын түзүү менен 47,4 пайызга көбөйгөн. Бул тенденция негизинен керектөө товарларын, көбүнчө кийим-кечени жана ага тиешелүү буюмдарды (1,9 эсеге же 48,2 млн. АКШ долларына) берүүлөрдүн өсүшү менен аныкталган. Ошондой эле, электр ысытуу лампаларынын (2,7 млн. АКШ долларына), химиялык заттардын (7,9 млн. АКШ долларына), авиакеросиндин (4,2 млн. АКШ долларына), таме-

кинин (9,6 млн. АКШ долларына) экспорту да өскөн.

Сүт азыктарынын (4,0 млн. АКШ долларына), жашылчалардын (7,9 млн. АКШ долларына), электроэнергиясынын (4,4 млн. АКШ долларына), ошондой эле органикалык эмес химиялык заттардын (9,8 млн. АКШ долларына) экспортунун көбөйүүсү Казакстанга экспорттун 33,3 пайызга өсүшүн аныктаган, ал чогуу алгандагы көлөмдө 125,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Францияга экспорт байкалаарлык (126,3 млн. АКШ долларына) кыскарган, бул органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөрдүн төмөндөөсү менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда, химиялык заттарды АКШга берүүлөр өскөн, анын натыйжасында бул өлкөгө экспорттун көлөмү 70,8 млн. АКШ долларына өскөн. Өзбекстанга экспорт авиакеросиндин реэкспортунун төмөндөөсүнөн улам 101,8 млн. АКШ долларына төмөндөгөн.

ФОБ баасындагы **товарлардын импорту** 2010-жылдын январь-сентябрь айларында 6,8 пайызга өскөн жана 2 112,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-таблица. Товарлардын импорту**
*(млн. АКШ долларында)*

| | 9 ай. 06 | 9 ай. 07 | 9 ай. 08 | 9 ай. 09 | 9 ай. 10 |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт (ФОБ) | 1157,2 | 1775,9 | 2669,9 | 1978,3 | 2112,1 |
| *Өзгөрүү, %* | *49,8* | *53,5* | *50,3* | *-25,9* | *6,8* |

Импортту негизги түзүүчүлөрдөн болуп, мурдагыдай эле, керектөө багытындагы товарлар (импорттун жалпы көлөмүнөн 31,1 пайыз), энергопродукциялар (30,6 пайыз) жана аралык товарлар (20,8 пайыз)[2] болушкан.

*Керектөө товарларынын* импорту 9,9 пайызга көбөйүү менен 712,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Эт жана эт азыктарынын (19,9 млн. АКШ долларына), телефон аппараттарынын (17,3 млн. АКШ долларына), дары-дармектердин (11,8 млн. АКШ долларына), эфир майларынын жана парфюмердик заттардын (6,5 млн. АКШ долларына), канттын (6,3 млн. АКШ долларына) келип түшүүлөрүнүн өсүшү байкалган. Мындан тышкары, күрүчтүн импортунун (8,8 млн. АКШ долларына) олуттуу кыскаруусу байкалган.

Энергопродукциялардын импорту отчеттук мезгил ичинде 20,8 пайызга өсүү менен 700,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлардын бул тобунда мунай заттардын үлүшү 89,0 пайыз чегинде катталган. Алынып келинүүчү мунай отундарына баанын өсүшү мунай заттарынын, көбүнчө, авиакеросиндин (49,9 млн. АКШ долларына), дизель отунун (41,2 млн. АКШ долларына) жана автомобиль бензининин (27,1 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмүнүн көбөйүүсүнө алып келген. Көмүрдүн импорту 46,0 пайызга же 8,2 млн. АКШ долларына өскөн шартта, жаратылыш газынын импорту 26,9 пайызга (14,1 млн. АКШ долларына) кыскарган.

*Аралык товарлардын* импорту 2010-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 3,6 пайызга кыскарган жана 477,1 млн. АКШ доллар деңгээлинде түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде бул категориядагы товардык түзүмгө ылайык автомобиль тетиктерин жана ага тиешелүү буюмдарды (9,4 млн. АКШ долларына), чоюнду жана болотту ( 8,5 млн. АКШ долларына), кездемени (3,5 млн. АКШ долларына), ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтарын (3,4 млн. АКШ долларына) берүүлөр төмөндөгөн. Мында, бир аз өсүш жер семирткичтердин келип түшүүлөрү боюнча (2,1 эсеге же 9,9 млн. АКШ долларына) байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде *инвестициялык товарлардын* импорту 8,1 пайызга өсүү менен 298,7 млн. АКШ доллар деңгээлинде түптөлгөн. Бул категориянын товардык түзүмүнө ылайык жүк ташуу үчүн автомобилдердин импорту (23,1 млн. АКШ долларына) олуттуу өскөн. Мындан тышкары топуракты, ташты жана кендерди майдалоо үчүн машиналардын (9,8 млн. АКШ долларына), электр трансформаторлорунун (7,6 млн. АКШ долларына), көтөргүчтөрдүн жана конвейерлердин (7,3 млн. АКШ долларына), ошондой эле курулуш жана тоо-кендерин казып алуу өндүрүшү үчүн машиналардын (5,1 млн. АКШ долларына) келип түшүүлөрүнүн өсүшү байкалган.

Географиялык түзүмгө ылайык импорттук операцияларда 55,0 пайыз салыштырма салмагы менен КМШ өлкөлөрү үстөмдүк кылышкан, ал эми алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү, тие-

[2] Мында жана мындан ары товарлардын импорту СИФ баасында көрсөтүлгөн.

шелүүлүгүнө жараша 45,0 пайызды түзгөн. Россия (бүтүндөй импорттун 33,6 пайызы), Кытай (18,2 пайыз), Казакстан (11,0 пайыз) жана АКШ (5,8 пайыз) импорттук операциялар боюнча алдыңкы өнөктөш өлкөлөрдөн болушкан.

Россия импорту 2,4 пайызга кыскарган жана 768,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Эң оболу, россия импортунун көлөмүнүн кыскаруусу, экспорттук бажы алымдарынын киргизилгендигинин натыйжасында аталган өлкөдөн алынып келинүүчү мунай заттарына, көбүнчө авиакеросинге ички суроо-талаптын төмөндөөсүнө байланыштуу болгон. Ошентип, авиокеросиндин импорту 22,6 пайызга же 52,6 млн. АКШ долларына төмөндөгөн. Мындан тышкары, ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтарынын (4,1 млн. АКШ долларына), резина дөңгөлөктөрүнүн (2,4 млн. АКШ долларына), шоколад азыктарынын (2,0 млн. АКШ долларына), ошондой эле машиналардын жана транспорттук жабдууларднын (9,4 млн. АКШ долларына) келип түшүүлөрү да төмөндөгөн.

Товарлардын Кытайдан келип түшүүлөрү 3,5 пайызга көбөйүү менен 416,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Эт жана эт азыктары (5,4 млн. АКШ долларына), жемиштер жана жаңгактар (3,1 млн. АКШ долларына), эфир майлары жана парфюмердик буюмдар (4,9 млн. АКШ долларына), кол жана машина менен иштетүүчү аспаптар (3,9 млн. АКШ долларына), электрбайланыш аппаратттары жана жабдуулары (12,3 млн. АКШ долларына), кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар (5,1 млн. АКШ долларына) сыяктуу керектөө жана инвестициялык товарлардын импортунун өсүшү байкалган.

Казакстандан импорттук келип түшүүлөр 1,4 пайызга өсүү менен 251,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Казак импортунун товардык түзүмүндө канттын келип түшүүлөрүнүн 3,9 эсеге же 9,2 млн. АКШ долларына өсүшү белгиленген, бул 2010-жылдын апрель айында канттын импортуна квоталардын аракеттенүү мөөнөтүнүн аяктагандыгына байланыштуу болгон. Мындан тышкары, төмөнкү товарлардын импорту көбөйгөн: автомобиль бензининин (10,3 млн. АКШ долларына), мазуттун (8,7 млн. АКШ долларына), көмүрдүн (7,6 млн. АКШ долларына), өсүмдүк майынын (5,5 млн. АКШ долларына). Мында, органикалык эмес химиялык заттардын (27,7 млн. АКШ долларына), буудайдын (8,5 млн. АКШ долларына) келип түшүүлөрү боюнча олуттуу төмөндөөлөр жүргөн. Бул өлкөдөн ундун импорту боюнча 79,7 пайызга олуттуу төмөндөө байкалган, ал абсолюттук мааниде 13,2 млн. АКШ долларын түзөт. Мындай тенденция 2009-жылдын июнь айында бул товардын 1 кг үчүн 3 сом өлчөмүндөгү импорттук бажы алымы киргизилгендигине байланыштуу болгон. 2010-жылдын август айында бажы алымынын өлчөмү 1 сомго чейин төмөндөтүлгөн, бирок бул факт ундун импорту боюнча көрсөткүчкө олуттуу таасир тийгизген эмес.

АКШдан 133,8 млн. АКШ доллар суммасындагы товар импорттолгон, бул 2009-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги көрсөткүчтөн 1,8 эсеге көп. Төмөнкү товардык позициялар боюнча негизги өзгөрүүлөр жүргөн: эт жана эт азыктарынын импорту 14,7 млн. АКШ долларына көбөйгөн, ал эми жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдуулардын келип түшүүлөрү 6,2 млн. АКШ долларына өссө, 31,0 млн. АКШ долларына эң ири өсүш жүк ташуучу автомобилдердин келип түшүүлөрү боюнча белгиленген.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы 2009-жылдын тогуз айы үчүн 25,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү кызмат көрсөтүүлөр балансынын оң сальдосуна каршы, 2010-жылдын тогуз айы үчүн 177,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн. Кызмат көрсөтүүлөрдү сыртка сунуштоо балансынын тартыштыгы резидент эместерден алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшүндө, сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн төмөндөөсү менен шартталган.

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүү 5,8 пайызга төмөндөө менен нарктык мааниде 1 171,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

2010-жылдын тогуз айы үчүн кызмат көрсөтүүлөр экспорту өткөн жылдын тогуз айындагыга салыштырганда 21,6 пайызга кыскаруу менен 497,3 млн. АКШ доллар чегинде түптөлгөн, бул "кыдыруулар", "финансылык", "жана башкалар" жана "курулуш кызмат көрсөтүү-

**3-график: Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*ИДПга карата пайызда*




лөрү" сыяктуу кызмат көрсөтүүлөр экспортунун позициялары боюнча көрсөткүчтөрдүн кыскаруусунан улам келип чыккан.

Ал эми "кыдыруулар" статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 133,1 млн. АКШ долларына төмөндөөсү байкалган. "Финансылык кызмат көрсөтүүлөр" жана "жана башка кызмат көрсөтүүлөр" статьялары боюнча кыскаруу нарктык мааниде, тиешелүүлүгүнө жараша 10,0 жана 14,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Калган статьялар боюнча экспорттун өсүшү белгиленген. Ал эми экспорттун нарктык мааниде көбөйүүсү төмөнкүдөй негизги статьялар боюнча катталган: "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" 7,4 млн. АКШ долларына жана "байланыш кызмат көрсөтүүлөрү" 6,7 млн. АКШ долларына.

Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун түзүмүндө мурдагыдай эле, бир аз үлүш "кыдыруулар" (жалпы экспорттун 41,4 пайызы), "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" (21,0 пайыз), ошондой эле ишкердик кызмат көрсөтүүлөр (17,9 пайыз) статьялары боюнча экспорттун көрсөткүчүнө тиешелүү.

Кароого алынып жаткан тогуз айы үчүн кызмат көрсөтүүлөр импорту 2009-жылдын тогуз айындагыга салыштырганда 10,7 пайызга өсүү менен 674,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Анын өсүшү, эң оболу, "ишкердик кызмат көрсөтүүлөр", "финансылык кызмат көрсөтүүлөр" жана резиденттердин чет өлкөгө кыдыруулары менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөр импортунун өсүшү менен шартталган

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун көрсөткүчүнүн кыйла көбөйүүсү "ишкердик кыдыруулар" статьясы боюнча байкалган, ал 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда отчеттук мезгил ичинде 54,1 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Бул статьянын импорттун жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы 16,6 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда "финансылык кызмат көрсөтүүлөр" статьясы боюнча импорт 10,6 млн. АКШ долларына көбөйсө, "кыдыруулар" статьясы боюнча импорт 9,7 млн. АКШ долларына өскөн.

Ал эми кызмат көрсөтүүлөр импортунун төмөндөөсү "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" (3,5 млн. АКШ долларына), "жана башка кызмат көрсөтүүлөр" (11,9 млн. АКШ долларына) жана "курулуш кызмат көрсөтүүлөрү" (1,4 млн. АКШ долларына) сыяктуу статьялар боюнча белгиленген.

"Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" импортунун чогуу алгандагы кызмат көрсөтүүлөр импортундагы үлүшү 5,2 пайыздык пунктка кыскаруу менен 43,0 пайызды түзгөн. 2009-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде "Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" импортунун көлөмүнүн төмөндөөсү, транспорттун башка түрлөрү менен жүзөгө ашырылган ташуулардын 40,0 пайызга кыскаруусуна шартталган.

"Курулуш кызмат көрсөтүүлөрү" жана "жана башка кызмат көрсөтүүлөр" импортунун чогуу алгандагы салыштырма салмагы импорттун жалпы көлөмүнүн 3,2 пайызын түзгөн.

## КИРЕШЕЛЕР

2010-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча кирешелер балансынын терс сальдосу 110,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдагы салыштыруу үчүн алынган мезгилдеги көрсөткүчтөн 11,7 пайызга көп.

Бул статьянын балансынын терс сальдосунун өсүшү тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстандагы инвестициялык ишинен алган кирешелеринин көбөйүүсү менен байланыштуу болгон. Алсак, 2009-жылдын тогуз айына салыштырганда "тике инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын терс сальдосу 65,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 23,2 пайызга көбөйгөн.

Мындан тышкары резиденттердин "портфелдик инвестициялар" боюнча чет өлкөдөгү кирешелери 0,2 млн. АКШ долларына төмөндөгөн, ал эми 2009-жылдын тогуз айындагы салыштыруу үчүн алынган көрсөткүч 3,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Ошол эле учурда, мурда алынган кредиттер боюнча пайыздык төлөмдөрдүн 11,6 пайызга азаюусу "башка инвестициялар боюнча" кирешелердин терс сальдосунун 23,0 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсүнө таасирин тийгизген.

Отчеттук мезгилде "эмгекке төлөөлөр" статьясынын сальдосу 21,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн жана 2009-жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда бул көрсөткүч 19,1 пайызга көбөйгөн. Бул көбөйүү, резидент эместердин Кыргызстандагы ишинен алган кирешелеринин, резиденттердин чет өлкөдөгү ишинен алган кирешелеринен артып кетишине шартталган. Мында, "эмгекке төлөөлөр" статьясы боюнча чет өлкөдөгү резиденттерди эсепке алуу толук эмес экендигин белгилеп кетүү зарыл.

## ТРАНСФЕРТТЕР

Күндөлүк трансферттердин балансы отчеттук мезгил ичинде 975,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 9,2 пайызга көп.

2010-жылдын тогуз айы үчүн күндөлүк трансферттердин "мамлекеттик башкаруу секторуна" (төлөм теңдемин нейтралдуу берүү) таза агылып кирүүлөрү 68,9 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги көрсөткүчтөн 59,4 пайызга аз. Бул көрсөткүчтүн олуттуу төмөндөөсү, эң оболу, Россия Федерациясынын Өкмөтүнөн 150,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү гранттык каражаттардын агылып кирүүсү белгиленген, базалык мезгилдин жогорку деңгээлине шартталган. Мында, бул грантты эске албаганда, күндөлүк трансферттердин "мамлекеттик башкаруу секторуна" таза агылып кирүүсү 2009-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, отчеттук мезгил ичинде 2,5 эсеге көбөйгөн.

Күндөлүк трансферттердин "жана башка секторлорго" (төлөм теңдемин нейтралдуу берүүдө) агылып кирүүсүнүн неттосу 25,3 пайызга көбөйүү менен 906,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Келип түшүүлөрдүн жалпы көлөмүндө негизги үлүштү, мурдагыдай эле "иштеп жаткандардын акча которуулары" статьясы ээлеген, анын таза агылып кирүүсү 2009-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 26,0 пайызга көбөйгөн.

Өз кезегинде, иштеп жаткандардын акчалай которууларынын дүңүнөн агылып киришинде бир аз үлүштү которуу системалары боюнча (98,9 пайыз) акчалай которуулар ээлешкен. Отчеттук мезгил ичинде акча которуу системалары боюнча таза агылып кирүүлөр 2009-жылдын тогуз айындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 635,2 ден 803,7 млн. АКШ долларына чейин көбөйгөн.

Мында, акчалай которуулардын географиялык түзүмү, бүтүндөй алганда өзгөрүүсүз калат. 2010-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча акчалай которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (92,5 пайыз), АКШдан (3,7 пайыз) жана Казакстандан (2,8 пайыз) келип түшкөн. Акчалай которуулардын агылып чыгуусу айрыкча Россия Федерациясына (98,3 пайыз) байкалган.

**4-график: Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**

*ИДПга карата пайызда*




Акчалай которуулардын сальдосу керектөө товарларынын таза экспортунан 1,9 эсеге артат, ал өз кезегинде, 463,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө тартыштык менен түптөлгөн.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

Отчеттук мезгил ичинде **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин балансы** (аналитикалык берүүдө) 2009-жылдын ушул эле мезгилинде 644,8 млн. АКШ долларын түзгөн оң мааниге каршы, 276,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн.

**5-график: Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби**

*ИДПга карата пайызда*




Капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгы 2010-жылдын тогуз айы үчүн 46,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 2,4 эсеге көп. Бул статьянын өзгөрүүсүнө чет өлкөлөргө туруктуу жашоо үчүн көчүп кетишкен мигранттардын капиталынын кыймылы менен байланыштуу операциялар олуттуу таасирин тийгизген. Алсак, "мигранттардын трансферттери" статьясы боюнча отчеттук мезгил ичинде тартыштыктын 1,6 эсеге көбөйүүсү жүргөн, бул нарктык эквивалентте 85,2 млн. АКШ долларын түзөт.

Финансылык опеарциялар эсебинин оң сальдосу 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 322,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 51,4 пайызга төмөндөгөн.

2010-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча "тике инвестициялардын" Кыргыз Республикасына 131,0 млн. АКШ доллар көлөмүндө агылып кирүүсү белгиленген, бул өткөн жылдагы салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчтөн 2,1 эсеге көп.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде негизинен, алыскы чет өлкөлөрдөн, атап айтканда, Канададан 93,1 млн. АКШ доллар жана Великобританиядан - 12,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө, КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Россиядан 9,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү байкалган.

Экономикалык иштин түрлөрү боюнча "тике инвестициялардын" таза агылып кирүүсү, негизинен, кайра иштеп чыгуу өнөр жайында 102,9 млн. АКШ доллар жана кыймылсыз мүлктө 59,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө байкалган.

2010-жылдын тогуз айы ичинде "портфелдик инвестициялардын" таза агылып кирүүсүнүн 103,1 млн. АКШ долларына чейин кыскаруусу белгиленген. Мындай өзгөрүү резидент эместердин биздин өлкөнүн резиденттеринин тескөөсүндө турган карыздык баалуу кагаздарынын кыскаруусу менен түшүндүрүлөт. Мында, портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтар 2007-жылдын экинчи чейрегинен тартып кайра каралган, тактап айтканда, карыздык баалуу кагаздар боюнча маалыматтар кошулган.

Отчеттук мезгил ичинде "жана башка инвестициялар" статьясынын сальдосу 88,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2009-жылдагы салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчтөн 73,4 пайызга аз. Бул статьянын түзүлүшүнө резиденттердин "тышкы дүйнө" алдындагы милдеттенмелери сыяктуу эле, резиденттердин чет өлкөдөгү тышкы активдеринин да төмөндөөсү таасирин тийгизген.

Алсак, отчеттук мезгил ичинде резиденттердин "тышкы дүйнө" алдындагы милдеттенмелеринде капиталдын агылып чыгуусу жүргөн, мында, сальдо 2009-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги 472,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү оң маанисине каршы, 140,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн.

Өлкөнүн тышкы милдеттенмелери банк тутумунан капиталдын 200,1 млн. АКШ доллар (2009-жылдын тогуз айында 15,8 млн. АКШ долларына барабар агылып кирүү белгиленген) өлчөмүндө агылып чыгуусунун жана тартыл-

ган кредиттердин көлөмүнүн 2009-жылдын тогуз айындагыга салыштырганда отчеттук мезгил ичинде 79,4 пайызга олуттуу төмөндөөсүнүн таасири астында түптөлгөн. Банк тутумунан капиталдын 200,1 млн. АКШ долларында агылып чыгуусу боюнча, бул көрсөткүч "АУБ"[3] ААКсынын көрсөткүчтөрүн да өзүнө камтыган банктык статистиканын негизинде түптөлгөндүгүн белгилей кетүү зарыл. "АУБ" ААКсынын операцияларын эске албаганда, банк тутумунан капиталдын агылып чыгуусу 28,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча кредиттердин мамлекеттик секторго таза агылып кирүүсү 66,6 пайызга төмөндөө менен 110,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул төмөндөө, негизинен, тартылган кредиттердин көлөмүнүн 61,7 пайызга азаюусуна шартталган. "Жеке секторго кредиттер" статьясы боюнча нетто-позиция 2010-жылдын тогуз айы үчүн 45,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлүү менен 2009-жылдагы салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчтөн 3,4 эсеге арткан. Бул статья боюнча отчеттук мезгилде кредиттердин агылып кирүүсүнүн 2 эсеге өсүшү белгиленген, ушуну менен катар эле, мурда тартылган кредиттик линиялар боюнча милдеттенмелерди тейлөө 2009-жылдагы тогуз айындагыга салыштырганда 2,5 эсеге көбөйгөн.

Резиденттердин кредиттик карызы 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 7,2 млн. АКШ долларга барабар оң маанисине каршы, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 5,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

**"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясы 35,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү терс сальдодо түптөлгөн, бул республикадан капиталдын агылып чыгуусу менен байланышкан операциялардын жеткире эсепке алынбагандыгын же товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун жеткире эсепке алынбагандын тастыктап турат.

Дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1 684,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 12,6 пайызга жогору. Товалардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортун алтын валюталык камдар менен жабуу 4,5 айды түзгөн.

[3] "АУБ" ААКсынын балансы туура эмес деп таанылган.

## 3-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөө балансы (аналитикалык түрдө берүү)

*(млн.АКШ долларында)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2009 9 ай | 2010 9 ай |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-286,1** | **-226,9** | **-700,9** | **-110,8** | **-67,0** | **-213,8** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -967,4 | -1 195,5 | -1 975,9 | -1 128,8 | -861,3 | -1 079,1 |
| Соода балансы* | -886,5 | -1 275,8 | -1 879,2 | -1 119,8 | -886,4 | -902,1 |
| Экспорт (ФОБ) | 906,0 | 1 337,8 | 1 874,4 | 1 693,8 | 1 092,0 | 1 210,0 |
| КМШ | 476,1 | 753,9 | 1 011,7 | 752,8 | 531,5 | 529,3 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 429,9 | 583,9 | 862,7 | 941,0 | 560,5 | 680,7 |
| Импорт (ФОБ) | 1 792,4 | 2 613,6 | 3 753,5 | 2 813,6 | 1 978,3 | 2 112,1 |
| КМШ | 925,8 | 1 420,7 | 2 025,4 | 1 593,7 | 1 149,9 | 1 166,3 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 866,6 | 1 192,9 | 1 728,1 | 1 219,9 | 828,4 | 945,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -81,0 | 80,3 | -96,8 | -9,1 | 25,1 | -177,0 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 859,8 | 634,5 | 497,3 |
| Алынган кызматтар | -459,7 | -604,5 | -992,9 | -868,9 | -609,4 | -674,3 |
| Кирешелер | -48,2 | -51,9 | -201,6 | -189,9 | -98,6 | -110,1 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -39,8 | -39,5 | -172,8 | -126,0 | -53,0 | -65,3 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 4,2 | 3,9 | 0,2 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | 15,8 | 8,2 | -7,1 | -41,0 | -31,1 | -23,0 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -19,9 | -25,3 | -30,4 | -44,2 | -33,7 | -29,8 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 35,6 | 33,4 | 23,4 | 3,2 | 2,6 | 6,8 |
| Эмгекке төлөөлөр | -24,2 | -20,8 | -22,3 | -27,0 | -18,4 | -21,9 |
| Күндөлүк трансферттер | 729,5 | 1 020,5 | 1 476,7 | 1 207,9 | 892,9 | 975,4 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **285,9** | **274,0** | **-49,8** | **572,7** | **644,8** | **276,3** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -14,0 | -19,1 | -46,4 |
| Капиталдык трансферттер | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -14,0 | -19,1 | -46,4 |
| Финансылык эсеби | 329,7 | 348,8 | -4,9 | 586,7 | 663,9 | 322,6 |
| Тике инвестициялар** | 182,0 | 208,9 | 377,1 | 189,6 | 62,2 | 131,0 |
| Портфелдик инвестициялар*** | -3,0 | -14,3 | -230,0 | 161,9 | 268,4 | 103,1 |
| Финансылык деривативдер | — | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 150,7 | 154,2 | -152,0 | 235,2 | 333,3 | 88,5 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -24,0 | 19,4 | -362,7 | -217,2 | -138,7 | 229,0 |
| Коммерциялык банктар | -17,0 | 37,7 | -115,9 | -157,9 | -133,0 | 221,4 |
| Жана башка активдер | -7,0 | -18,3 | -246,7 | -59,3 | -5,7 | 7,6 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 174,7 | 134,8 | 210,6 | 452,3 | 472,1 | -140,5 |
| Коммерциялык банктар | -26,6 | 66,6 | 48,4 | 50,4 | 15,8 | -200,1 |
| Кредиттер | 68,6 | 54,9 | 40,7 | 310,8 | 316,9 | 65,2 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 56,5 | 38,5 | 12,9 | 332,9 | 330,2 | 110,2 |
| Алынганы | 80,7 | 65,0 | 50,1 | 370,6 | 354,0 | 135,4 |
| Амортизация (график) | -24,2 | -26,5 | -37,2 | -37,7 | -23,7 | -25,2 |
| Жеке секторго кредиттер | 12,1 | 16,4 | 27,8 | -22,1 | -13,3 | -45,0 |
| Алынганы | 25,2 | 40,4 | 52,3 | 28,3 | 23,6 | 47,2 |
| Амортизация (график) | -13,1 | -24,0 | -24,4 | -50,4 | -36,9 | -92,2 |
| Жана башка милдеттенмелер | 132,7 | 13,3 | 121,6 | 91,2 | 139,4 | -5,6 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **184,0** | **261,2** | **833,8** | **-239,9** | **-425,4** | **-35,4** |
| **Жалпы баланс** | **183,7** | **308,2** | **83,2** | **221,9** | **152,4** | **27,1** |
| **Каржылоо** | **-183,7** | **-308,2** | **-83,2** | **-221,9** | **-152,4** | **-27,1** |
| Улуттук банктын резервдери | -169,9 | -306,8 | -121,3 | -267,7 | -181,6 | -85,1 |
| ЭВФтин кредиттери | -23,5 | -20,7 | 18,7 | 3,5 | 5,4 | 10,9 |
| Өзгөчө каржылоо | 9,7 | 19,2 | 19,4 | 42,3 | 23,8 | 47,1 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн жана "алып сатарлардын" соодасын эске алуу менен

** 2006-жылы Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

***Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

| 2009 | | | | 2010 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | |
| **-181,0** | **147,0** | **-33,0** | **-43,8** | **-80,4** | **-13,9** | **-119,4** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -316,7 | -237,6 | -307,0 | -267,6 | -176,9 | -307,2 | -595,1 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -308,1 | -277,2 | -301,1 | -233,4 | -161,9 | -243,0 | -497,2 | Соода балансы* |
| 283,5 | 375,4 | 433,1 | 601,9 | 467,2 | 395,9 | 346,9 | Экспорт (ФОБ) |
| 125,0 | 176,3 | 230,2 | 221,3 | 126,0 | 172,5 | 230,8 | КМШ |
| 158,4 | 199,1 | 203,0 | 380,6 | 341,2 | 223,4 | 116,1 | Алыскы чет өлкөлөр |
| 591,5 | 652,6 | 734,2 | 835,3 | 629,1 | 638,9 | 844,1 | Импорт (ФОБ) |
| 331,9 | 363,0 | 455,1 | 443,8 | 357,7 | 356,7 | 451,9 | КМШ |
| 259,7 | 289,6 | 279,1 | 391,5 | 271,4 | 282,2 | 392,1 | Алыскы чет өлкөлөр |
| -8,7 | 39,6 | -5,9 | -34,2 | -14,9 | -64,2 | -97,9 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 179,2 | 239,8 | 215,6 | 225,3 | 189,8 | 131,3 | 176,2 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -187,8 | -200,1 | -221,5 | -259,5 | -204,7 | -195,5 | -274,1 | Алынган кызматтар |
| -38,6 | -22,4 | -37,6 | -91,3 | -130,5 | -27,6 | 48,0 | Кирешелер |
| -29,7 | -8,2 | -15,1 | -73,0 | -111,4 | -14,7 | 60,8 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 3,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -6,2 | -8,1 | -16,8 | -9,9 | -12,1 | -5,9 | -5,0 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -8,9 | -7,5 | -17,3 | -10,6 | -11,4 | -8,0 | -10,3 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 2,7 | -0,6 | 0,4 | 0,6 | -0,7 | 2,1 | 5,3 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -6,0 | -6,5 | -5,9 | -8,6 | -7,1 | -7,1 | -7,8 | Эмгекке төлөөлөр |
| 174,2 | 407,1 | 311,5 | 315,0 | 226,9 | 320,8 | 427,7 | Күндөлүк трансферттер |
| **87,2** | **344,2** | **213,4** | **-72,1** | **32,0** | **98,3** | **146,0** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| -6,3 | -10,9 | -1,9 | 5,1 | -4,3 | -10,9 | -31,2 | Капитал менен операциялардын эсеби |
| -6,3 | -10,9 | -1,9 | 5,1 | -4,3 | -10,9 | -31,2 | Капиталдык трансферттер |
| 93,6 | 355,1 | 215,2 | -77,2 | 36,2 | 109,2 | 177,2 | Финансылык эсеби |
| -8,7 | 4,1 | 66,7 | 127,5 | 165,1 | -5,0 | -29,0 | Тике инвестициялар** |
| 73,6 | 90,3 | 104,6 | -106,5 | -73,1 | 80,0 | 96,1 | Портфелдик инвестициялар*** |
| — | — | — | — | — | — | — | Финансылык деривативдер |
| 28,7 | 260,7 | 43,9 | -98,2 | -55,8 | 34,2 | 110,1 | Башка инвестициялар |
| 26,3 | -50,4 | -114,7 | -78,4 | -127,8 | 295,2 | 61,7 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| -24,5 | -29,1 | -79,4 | -24,9 | -37,7 | 292,6 | -33,5 | Коммерциялык банктар |
| 50,8 | -21,2 | -35,3 | -53,6 | -90,1 | 2,6 | 95,2 | Жана башка активдер |
| 2,4 | 311,1 | 158,6 | -19,7 | 72,1 | -260,9 | 48,4 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| -2,8 | 19,2 | -0,6 | 34,6 | 38,2 | -230,1 | -8,2 | Коммерциялык банктар |
| 17,4 | 285,8 | 13,7 | -6,1 | 34,2 | -6,1 | 37,0 | Кредиттер |
| 12,2 | 290,3 | 27,6 | 2,7 | 25,5 | 1,5 | 83,2 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 17,8 | 303,4 | 32,8 | 16,6 | 31,9 | 14,7 | 88,9 | Алынганы |
| -5,5 | -13,1 | -5,1 | -13,9 | -6,4 | -13,1 | -5,7 | Амортизация (график) |
| 5,2 | -4,5 | -14,0 | -8,8 | 8,8 | -7,6 | -46,2 | Жеке секторго кредиттер |
| 5,3 | 10,0 | 8,3 | 4,7 | 28,7 | 5,8 | 12,7 | Алынганы |
| -0,1 | -14,5 | -22,3 | -13,5 | -19,9 | -13,4 | -58,9 | Амортизация (график) |
| -12,2 | 6,1 | 145,5 | -48,3 | -0,3 | -24,8 | 19,5 | Жана башка милдеттенмелер |
| **-67,4** | **-41,6** | **-316,3** | **185,4** | **88,1** | **-98,0** | **-25,4** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-161,2** | **449,6** | **-136,0** | **69,5** | **39,6** | **-13,7** | **1,2** | **Жалпы баланс** |
| **161,2** | **-449,6** | **136,0** | **-69,5** | **-39,6** | **13,7** | **-1,2** | **Каржылоо** |
| 164,9 | -487,0 | 140,5 | -86,1 | -69,0 | 13,1 | -29,2 | Улуттук банктын резервдери |
| -10,0 | 24,2 | -8,9 | -1,9 | -10,3 | -1,7 | 22,9 | ЭВФтин кредиттери |
| 6,4 | 13,2 | 4,3 | 18,5 | 39,7 | 2,3 | 5,1 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

# I тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөө балансы (нейтралдуу түрдө берүүдө)

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2009<br>9 ай | 2010<br>9 ай |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-286,1** | **-226,9** | **-700,9** | **-110,8** | **-67,0** | **-213,8** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -967,4 | -1195,5 | -1975,9 | -1128,8 | -861,3 | -1079,1 |
| Товарлар* | -886,5 | -1275,8 | -1879,2 | -1119,8 | -886,4 | -902,1 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 906,0 | 1337,8 | 1874,4 | 1693,8 | 1092,0 | 1210,0 |
| экспорт | 604,8 | 927,1 | 1172,9 | 934,9 | 655,7 | 620,6 |
| порттордон алынган товарлар | — | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 206,0 | 224,7 | 463,5 | 529,5 | 284,0 | 437,1 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | 95,2 | 186,0 | 238,0 | 229,5 | 152,3 | 152,3 |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -1792,4 | -2613,6 | -3753,5 | -2813,6 | -1978,3 | -2112,1 |
| импорт (СИФ) | -1715,8 | -2408,6 | -4056,2 | -3032,9 | -2133,5 | -2287,3 |
| нарк боюнча оңдоолор | 138,7 | 179,9 | 318,9 | 226,6 | 160,5 | 177,5 |
| порттордон алынган товарлар | -2,4 | -8,4 | -16,3 | -7,3 | -5,4 | -2,4 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | -212,9 | -376,5 | — | — | — | — |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -81,0 | 80,3 | -96,8 | -9,1 | 25,1 | -177,0 |
| экспорт | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 859,8 | 634,5 | 497,3 |
| импорт | -459,7 | -604,5 | -992,9 | -868,9 | -609,4 | -674,3 |
